**УДК 314.18**

**НИЯЗОВ Т.З.,**
*Ж. Баласагын ат.КУУнун*
**АЛАЙЧИЕВ Э.К.**
*ОшМУ Ош ш.*
**СЕЙТАЛИЕВ М.Е.**
*Ж. Баласагын ат. КУУ*
***Ниязов Т.З.***
*КНУ им. Ж. Баласагына*
***Алайчиев Э.К.***
*кандидат географических наук, доцент ОшГУ г. Ош*
***Сейталиев М.Е.***
*КНУ им. Ж. Баласагына*
**NIYAZOV T.Z.**
*J. Balasagyn KNU*
**ALAYCHIEV E.K.**
*Candidate of geographical sciences,*
*Associate professor, OSU, Osh city*
**SEITALIEV M. E.**
*KNU named after*
*J. Balasagyn, Lecturer*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ШААР КАЛКЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУ ЖАНА УЧУРДАГЫ МАСЕЛЕЛЕР

## Формирование городского населения Кыргызстана и современные

## Formation of the city population of kyrgyzstan and modern problems

***Аннотация:*** *Макалада Кыргызстандын аймагындагы 1959-2016-жж. арасындагы Кыргызстандагы шаар калкынын калыптануусу жана учурдагы маселелерге экономикалык-географиялык изилдөө жүргүзүлгөн.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены экономико-географические вопросы формирования городского населения Кыргызстана и современные проблемы в период между 1959 и 2016 годами.*

***Abstract:*** *The article discusses the economic and geographical study of the formation of the urban population of Kyrgyzstan and contemporary problems between 1959 and 2016.*

***Урунттуу сөздөр:*** *шаар, шаар калкы, демографиялык процесстер, демографиялык маселелер, демографиялык статистикалык хронология, калктын саны, төрөлүү, өлүм, миграция, шаарлардын калыптануусу,.*

***Ключевые слова:*** *город, городское население, демографические процессы, демографические проблемы, хронология демографической статистики, численость населения, рождаемость, смертность, миграция, формирование городов.*

***Key words:*** *city, urban population, demographic processes, demographic problems, chronology of demographic statistics, population, birth rate, death rate, migration, urban formation.*

Шаардык калктын жайгашуусундагы өнүгүү жолдорун аныктоодо башка илимдер сыяктуу эле шаарды курууда демографиялык, географиялык илимдердин негизги темасы болуп калды. Кыргызстандын шаарларынын калыптануусу жалпысынан алганда географиялык аймактык өзгөчөлүктөргө ээ. Көпчүлүк шаарларда калктын жыштыгы бирдей жайгашпагындыгын байкоого болот. Учурда шаарлардын демографиялык, экономикалык жана экологиялык маселелеринин актуалдуулугу, өзгөчө кичине жана чоң шаарлардагы калкынын жыштыгы, өнөр-жай борбору болгондуктан, замандын талабына ылайыктуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл. Ошондой эле эмгек ресуртарын колдонууну жана бөлүштүрүүнү жакшыртуу максатында, өнүгүүнүн бирдей деңгээлин жана өндүрүштүк обьектилерди жайгаштырууну колго алып, тейлөө чөйрөсүн жакшыртуу зарылдыгы келип чыгат.

Шаардын социалдык, экономикалык жана саясий милдети жана алардын демографиялык кызматы өндүрүштүк шаар түзүлүшүнүн калыптанышына, калктын жана анын экономикалык өсүүсүнө, ар тараптуу таасирин тийгизет. Шаарга ар түрдүү улуттагы элдердин, жана айыл-кыштактардан келген жарандардын чогулушу, алардын эмгектик иш аракетине, жашоо турмушуна, кесибине гана таасирин тийгизбестен, демографиялык процесстерге жана элдин аң сезиминин өнүүгүсүнө оң таасирин тийгизип келүүдө.

Кыргызстандын аймагындагы шаарлар мурунтан эле пайда болгон. Алар айыл-кыштактардын негизинде өздөрүнүн көлөмү, жайгашуусу, курчоо чептери жана калктын жыштык деңгээли менен айырмаланган.

Шаардын турмушунун социалдык жактан тез темпте жакшыруусуна, өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүү деңгээли, ички жана тышкы татаал шарттар тоскоолдук кылган. Мындай шарттардын тоскоолдук кылышы шаар жеринде айыл чарбаны жок кылуу менен бирге шаардагы инфраструктуранын жакырданышына алып келген. Айрым учурларда мындай шарттар шаар калкынын жок болуп кетишинин бирден бир себеби болуп калган.

Орто Азиянын демографиялык маселелерин жана калктын өнүгүү аспекттерин изилдөө үчүн 1897-жылы жалпы Оруссияда калкты кайра эл каттоо башталып, Кыргызстандын аймагында да ал иш чараны өткөрүү иштери жүргүзүлө баштаган. Ошол мезгилдерде Кыргызстанда: Жалал-Абад, Ош, Пржевальский (азыркы Кара-Кол) жана Фрунзе шаарлары гана болгон.

Ал эми СССР жоюлгандан кийинки 1989-1999-2009-жж. эл катоо малыматтарына караганда аймактагы шаарларда калктын динамикалык өсүшү өтө татаал социалдык-экономикалык, демографиялык процесстерге дуушар болгон. Бул процесстердин ичинен экономикалык кризис, союздук өлкөлөр менен экономикалык байланыштардын үзүлүшү, өнөр-жай ишканаларынын толук токтотулушу, жогорку квалификациялуу адистердин тескери агымдарга кетиши эң башкы себептерден болуп эсептелет. Анын негизинде шаар калкынын өсүү темпи бир кыйла басаңдап, аймактагы кээ бир шаарларда союз мезгилдеги жылдарга салыштырмалуу салмагы төмөндөгөн.

Ушуга байланыштуу мисалга ала турган болсок чакан шаарлардын калкынын саны кескин азайууга дуушар болгон. Бул процесстер айрыкча 1999-жылы төмөнкү шаарларда байкалган: Айдаркенде 2 миңге, Балыкчыда 0,8 миңге, Жалал-Абадда 0,5 миңге, Кайыңдыда 2,6 миңге, Кантта 1,9 миңге, Кара-Балтада 6,6 миңге, Кара-Көл - 4,3 миңге, Кеминде - 2,3 миңге, Кызыл-Кыяда - 4,6 миңге, Көк-Жаңгакта 8,1 миңге, Майлуу-Сууда 9,2 миңге, Нарында 2,2 миңге, Орловкада 2,2 миңге, Токтогулда 0,3 миңге, Токмокто 13,5 миңге, Сүлүктү - 1,2 миңге, Шопоковдо 0,6 миңге жана Чолпон-Атада 0,7 миң адамга чейин калк

төмөндөп, жалпы 18 шаардагы калк 63,6 миң адамга чейин калктын кыскаргандыгын байкоого болот [3.7].

Бул мезгилде Кара-Балта, Көк-Жангак, Майлы-Суу жана Токмок шаарларында калктын кескин кыскарышы 20%дан, 30%га чейин төмөндөгөн. Белгилей кетүүчү нерсе ушул жылдары Чүй жана Талас обусуна караштуу бардык шаарларда калктын кескин кыскаруусу байкалаган.

Ушул эле көрүнүш 2009-жылкы эл каттоо маалыматтарында да 1989 -жылга салыштырмалуу Айдаркенде 0,8 миңге, Кадамжайда 1,0 миңге, Кочкор-Атада 1,3 миңге, Көк-Жангакта 8,3 миңге, Майлуу-Сууда 6,8 миңге, Нарында 7,4 миңге, Кара-Балтада 16,0 миңге, Кайыңдыда 4,2 миңге, Кантта 2,4 миңге, Кеминде 5,5 миңге, Орловкада 7,1 миңге, Токмокто 19,2 миңге жана Шопоковдо 1,0 миң адамга чейин азайган. Жалпылап алганда 81.0 миң адамга чейин калктын саны кескин азайган. Бул маалыматтарда көрүнүп тургандай негизинен Чүй жана Нарын облустарындагы шаарларда калктын кескин кыскаруусу сакталып, алардын ичинен Кара-Балта жана Токмок шаарларындагы калк 27,1%дан, 29,8%га чейин төмөндөгөнүн байкоого болот.

Калктын санынын мындай төмөндөшү, негизинен, төрөлүүнүн деңгээлинин төмөндөп кетишине, өлүм-житим көрсөткүчүнүн жогорулашына, миграция процесстеринин күчөшүнө байланыштуу болгон. Өнөр жайы өнүккөн шаарларда жашаган орус тилдүү калктын тарыхый мекендерине эмиграцияланышы шаар калкынын өсүшүнө терс таасирин тийгизди. Эгерде 1979-1999-жылдардагы калктын жалпы саны боюнча шаар калкынын үлүшүн алып карай турган болсок, анда айыл-кыштак калкынын жер үлүшүнүн өскөндүгүн көрөбүз [6]. 1959-жылы калктын жалпы санынын катышында шаар калкы 31,2%ды, ал эми айыл-кыштак калкы 68,8%ды түзгөн. Ал эми 1999-жылы шаар калкынын үлүшү 23,0% га чейин төмөндөп, айыл-кыштак калкынын үлүшү 77,0%га чейин өскөн. Кийинки 2009-жылкы эл катоодо шаар калкы 35,3% түзсө, бул көрсөткүч 2016-жылы 33,7% ды көрсөтүү менен шаар калкынын жогорулаганын байкоого болот.

2016-жылы Кыргызстандын аймагындагы шаар калкынын сандык көрсөткүчү жогорулай баштаган. Бирок Чүй облусундагы Кара-Балта, Кайыңды, Кант, Кемин, Орловка жана Шопоков шаарларында 1989-жылдагы калктын сандык көрсөткүчүнө бүгүкү күндө да жете элек. Ал эми Жалал-Абад облусундагы Көк-Жангак жана Майлу-Суу шаарларындагы калктын сандык көрсөткүчү 1959-жылдагы калктын сандык деңгээлине жете электигин байкоого болот.

Изилдөөнүн негизинде акыркы мезгилде Бишкек, Жалал-Абад жана Ош сыяктуу ири шаарлардын калкы, айыл-кыштактардан агылып келген ички мигранттардын эсебинен көбөйүдө. Бирок алардын басымдуу бөлүгү шаарларда катталбагандыктан шаар калкынын так маалыматтары боюнча бүгүнкү күндө да так алууга тоскоолдуктарды жаратуу менен бирге, мында ачык көрүнүп тургандай статистикалык комитеттер, күнүмдүк даректөө бюролору калктын мезгилдүү кыймылын каттабайт. Ошону менен катар бул шаарларда урбанизациялык маселелердин пайда болуусу күчөп, социалдык жана экологиялык маселелер да келип чыгууда.

Шаарчалардагы калктын отурукташуусу жана анын өсүшү өзгөчө иликтөөгө кызыгууну жаратат. Шаарчалардагы калктын саны 1959-2016-жылдар арасында Восточныйда 4,3 эсеге, Шамалды-Сайда 2,6 эсеге, Кызыл-Жарда 1,9 эсеге, Көк-Ташта 1,3 эсеге өскөн. Ал негизинен өзгөчө калктын элдүүлүгү көп жайларда интенсивдүү өсүш болгон. Ошол эле учурда, тескерисинче, Орто-Токойдо 0,5 эсеге, Бордуда 22 эсеге чейин төмөндөсө, Пржевальский-Пристанда эч кандай өсүш болгон эмес. Башкача айтканда бул шаарчалардагы регресс негизинен, СССР кулагандан кийинки мезгилдерге туура келүү менен


ал жердеги ишканалардын жабылуусунун натыйжасында, жумушчулар чоң шаарларга, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө көчүп кетүүгө дуушар болушкан. Шаарлардын жана шаарчалардагы калктын саны жана динамикасы боюнча топтоштуруу, шаардык отурукташуунун өсүү деңгээлин түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

2016-жылкы маалыматка караганда, акыркы жылдары шаар калкынын саны 20-50 миңге чейин көбөйгөнү байкалат.

1959-жылы 14,7 миңге чейинки калкы бар 6 шаарчалар болгон. Ал 1970-жылы 0,2 эсеге чейин көбөйдү. Ошондой эле, шаардык калктын жалпы саны боюнча алардын салыштырма салмагы да өзгөрүлдү.

Шаардык отурукташуунун санынын динамикасы боюнча топтоштуруп, шаар куруунун өсүшүнүн негизин, анын ырааттуу бекемделишин жана калыптануусун көрсөтөт. Ошол эле мезгилде ири шаардык отурукташуусунда алардын тармактарынын, ошондой эле калкынын саны да өскөн акыркы он жылдыкта шаар калкынын тез темп менен өскөндүгү байкалууда.

Мында шаар куруу тармактарынын өнүгүшү жана ал калктын концентарциясынын процесси жана урбанизациянын өзгөчөлүгүн көрсөтүүсү анын негизги базасы экендиги көрүнүп турат. Мындай мыйзам ченемдүүлүк Кыргызстандын аймагынын экономикалык өнүгүшүндө согуштан кийинки мезгилдерге мүнөздүү.




**1. диаграмма. Кыргызстандын аймагындагы шаарларда 1959-2016-жж. калкынын саны боюнча топтоштурулушу [1,2,3,4].**

Бул мезгил калктын шаардык отурукташуусунун жаңыдан калыптануусунун жана бөлүштүрүлүшүнүн, структуралык процесстеринин өзүнө таандык бөтөнчүлүктөрү менен айырмаланат (1 диаграм.).

Диаграммада көрүнүп тургандай, аймактагы шаарда жашоочулардын салыштырма салмагы 1959-жылы 3 шаарда 1,4% ды түзсө, ал сандагы калктуу шаарлар кийинки жылдары такыр жокко эсе. Тактап айтканда ал сандагы калктуу шаарлардагы жошоочулардын санынын көбөйүүсү менен 1970-жылдан, 2016-жылга чейин ал сандагы шаарлар калган эмес.

Кийинки көрсөткүчтөгү 5 миңден, 10 миңге чейики калктуу шаарда жашоочуларды карай турган болсок, анда 1959-жылы 5 шаарды түзүү менен, жалпы шаардык калктын 5,1% ын ээлеген [4,8]. Бул сандагы шаардык жашоочулардын жогорку деңгээли 1970-жылы 7 шаардан туруп, 5,3% түзсө, кийинки 1979-жылы 4 шаарда 2,8% ды, 1989-жылы 3 шаарда 1,8% ды, 1999-жылы 6 шаарда 3,3% ды, 2009-жылы 5 шаарда 1,8% ды жана 2016-жылы 1,6% ды түзгөн. Башкача айтканда, шаардын саны жана андагы жашоочулардын санынын акыркы жылдарда азайып бара жаткандагын байкоого болот.

Ушундай эле сандык көрсөткүч 10 миңден 20 миңге чейинки калктуу шаарларда да байкалат. Тактап айтканда 1959-жылы аймакта 10 шаарда жалпы шаардык жашоочулардын 22,8% ын түзсө, ал көрсөткүч жылдан жылга азаюу менен 2016-жылы 7 шаарга чейин азайып, жашоочулардын салыштырма салмагы 4,7% ды түзүп, 18,1% га чейин жалпы шаардык жашоочулардын салыштырма салмагынан азайган.

Ал эми 20 миңден 30 миңге чейинки шаардык отурукташууну карай турган болсок, 1959-жылы 2 шаарда 7,8% ды түзсө, эң жогорку көрсөткүч 1970-жылга туура келип, 5 шаардагы жашоочулар 11,5% ды түзгөн. Бирок кийинки жылдарда шаарлардын саны жогорулоо менен 2016-жылы 7 шаарга чейин жетип, шаардык калк жалпы шаар жашоочуларынын 7,9% ын түгөн. Мында шаардын саны өскөнү менен шаардагы жашоочулардын сандык жактан өзгөрүлбөгөндүгүнөн байкоого болот.

Аймактагы калктын 30 миңден 50 миңге чейинки шаар тургандарын карай турган болсок, 1959-жылы 3 шаарды түзүп, андагы жашоочулардын салыштырма салмагы 13,8% ды түзсө, 1970-жылы 4 шаарда 15,5% га чейин эң жогорку көрсөткүчкө жеткен. Кийинки жылдарда 3төн 8 ге чейинки шаардын саны өзгөрүү менен, 2016-жылы 6 шаар калып, жашоочулардын сандык көрсөткүчү 11,1% га чейин азайган.

50 миңден 100 миңге чейинки шаардык жашоочуларды карай турган болсок, 1959-жылы 1 шаардагы калк 10,5% ды түзсө, акыркы мезгилде шаардын саны 4 шаарга жеткени менен жашоочулардын салыштырма салмагы 11,3% ды түзүп, 57 жыл ичинде 0,8%га жогорулаган.

Изилденүүчү аймакта 100 миңден 200 миңге чейинки шаар жашоочулары 1959-жылы бул көрсөткүчтөгү шаар болгон эмес. 1970-жылы бир гана Ош шаарында, шаардык жашоочуладын 11,7% ын түзсө, 1979-жылы 1 шаар 14,3%, 1989-1999-2009-жж. жокко эсе. Ал эми 2016-жылы Жалал-Абад шаарындагы жашоочулардын сандык көрсөткүчү 5,2% ды түзгөн. Андан кийинки 200 миңден 300 миңге чейинки шаар жашоочулары боюнча 1959-жылы бир гана Бишкек шаарындагы калк 38,5% түзгөн. Ал эми 1970-1979-жж. бул көрсөткүчтөгү жашоочулардагы шаар жок болгон. Тактап айтканда, Бишкек шаарынын калкы бул көрсөткүчтөн жогорулап, Ош шаарынын калкы жеткен эмес. 1989-жылдан тарта Ош шаарынын калкынын саны бул көрсөткүчкө жетүү менен 13,7% ды түзсө, 1999-жылы 14,0% ды, 2009-жылы 13,7% ды жана 2016-жылы 12,9% ды түзүүдө.

Кыргызстандын аймагындагы жападан жалгыз 300 миңден ашуун калк отурукташкан Бишкек шаары 1970-жылдан, 2016-жылга чейин 42,5% дан 45,3 га чейинки шаар калкынын басымдуу бөлүгүн ээлеп келе жатат. Башка шаарларга караганда сандык көрсөткүчү боюнча жылдан жылга жогорулап бара жаткандыгы менен айырмаланып, 2016-жылы 958,5 миң адамды түзгөн. Тактап айтканда 2009-жылга салыштырмалуу 7 жылдын ичинде 123,2 миң адамга чейин көбөйүү менен, жылдык өсүү темпи 17,6 миң адамды түзүүдө. Бул маалыматтын негизинде алдынкы жылдарга прогноздоодо, 2018-жылы Бишкек шаары миллиондук шаарга айланган.

Шаардык отурукташууда калктын санынын өсүү темпи бирдей болгон эмес. Мындай бирдей эместик мурда калктын кайталанып өсүүсүнө жана калыптануусуна, айрым бир шаарлардын функционалдуу-генетикалык өзгөчөлүгүнө, ошондой эле анын географиялык абалына, экономикалык маанилүүлүгүнө байланыштуу болгон.

Кыргызстандын аймагындагы шаарлардын калкы, негизинен, табигый өсүштүн эсебинен өскөн. Ошондой эле өсүү миграциянын агымына байланыштуу да болгон, кээ бир жылдары шаар калкынын өсүүсү миграциянын эсебинен 50%ге чейин өскөн, тескеринче, миграциялык терс сальдонун жыйынтыктарынын натыйжаларында аймак калкынын бир бөлүгүн жоготкон. Саясий-экономикалык, маданий, административдик жана транспорттук

функциялар өз таасирин тийгизип келген. Бишкек жана Ош шаарлары үчүн механикалык кыймылдын оң сальдо миграциясы мүнөздүү. Мисалы, анын он жыл ичинде анын калкы миграциянын эсебинен 20 миңге, же 38,8% га көбөйгөн, ал эми СССР мезгилинде бул өсүү 60% га чейин жеткен.

Орто Азиянын калкынын миграциялык кыймылынын тарыхы, калктын массалык орун которуштуруусу түрдүү багыттарына бай. Кыргызстандын аймагынын калкынын механикалык кыймылынын кээ бир мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн анализдеп көрөлү.

XIX кылымдын экинчи жарымында Кыргызстанда калктын миграциясы, башка Орто Азия республикалары сыяктуу эле капитализмдин жайылуусуна жана капиталистик өндүрүштүк мамилелердин акырындап бекемделишине байланыштуу болуу менен башталган.

XIX кылымдын аягында Кыргызстандын Оруссияга кошулуусуна байланыштуу аймактын шаарларындагы эски салттык турмушунда кескин өзгөрүүлөр болуп өткөн, өнөр жайдын кээ бир тармактарынын өсүүсү башталып, орус кварталдары түзүлгөн. Бирок бул өзгөрүүлөр туруктуу бекемделген салттарга жана шаарлар менен кыштактардын жашоо турмушунун ортосундагы карама-каршылыктарга орчундуу таасир көрсөтө алган эмес.

Советтик бийликтин жылдарында мурунку артта калган райондордун турмушунда абдан зор өзгөрүүлөр болуп өткөн. Шаарларда айылдык эмгекчилердин катышуусун талап кылган жана ал үчүн шарт түзгөн өнөр жайдын, маданий-тейлөө, агартуу мекемелеринин түрлүү тармактары өнүккөн. Мындай аймактардын бир топ көп экендигине карабастан калктын интеграциясын жүргүзүү калктын кыймылынын төмөнкү деңгээли аймактын райондорунда азыркы учурга чейин сакталууда. Экинчи өзгөчөлүгү калктын миграциялык процессине байланыштуу болгон. Согушка чейинки беш жылдыкта жана согуш мезгилинде табигый өсүштүн жай темпине карабастан, шаар калкынын бир кыйла бөлүгү СССРдин башка райондорунун механикалык кыймылынын эсебинен толукталып турган.

Азыркы убакта шаарлардын миграциялык агымын, негизинен, айыл-кыштак жерлериндеги агымы түзүүдө. Себеби айыл-кыштак жерлериндеги мурдагы СССР мезгилдеги айыл чарбасынын түп тамыры менен өзгөрүүсү эмгекке жарамдуу калкты эмгек менен камсыз кыла албай калгандыктан, жумушсуздуктун кескин жогорулашына алып келип, калктын жашоо турмушундагы жакырлануу процессин пайда калды. Ошол себепке байланыштуу эмгекке жарамдуу калктын массалык түрдө шаарларга жана КМШ мамалекетерине карай көчүүсү күчөдү. Алардын көпчүлүгү, негизинен, соода-сатык, жалданма жумушчу катары тейлөө кызматтарында иш менен камсыз болууда жана жогорку квалификциялуу адистердин (окумуштуулар, мугалимдер, инженерлер, медицина кызматкерлери ж.б.) башка мамлекеттерге көчүп кетүүсү эң орчундуу маселердин бири болуп калууда.

Аймактагы бул процесстеги эмигранттардын шаарларга жайгашуусунун күчөшү урбанизациялык маселени пайда кылуу менен (айрыкча Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарларында) турак-жайлардын жетишсиздиги, коммуникациялык, транспорттук жана тейлөө чөйрөсүндөгү маселелердин күчөшүнө алып келүү менен ирнфраструктуранын бузулусуна дуушар болду. Тез аранын ичинде бул шаарларга көп кабаттуу үйлөрдү куруу, инфраструктураны жакшыртуу негизги маселени чечүүчү багыттардын бири болуп саналат.

Эгерде шаарда катталбай жашаган калкты тактоого ала турган болсок 30-40% га чейин калктын көп экендигин байкоого болот. Ошого байланыштуу шаарларда коммуналдык маселелер келип чыгууда.

Бирок бүгүнкү күндө бул чоң шаарларда көп кабаттуу үйлөрдүн курулуп жатканы менен шаарда төмөндөгүчө маселелерди пайда кылууда:

-Шаарлардагы курулган жана курулуп жаткан көп кабаттуу үйлөрдүн сапатына көңүл буруу зарыл, б.а. аймактын сейсмикалык зонада тургандыгын жана ар жылда ал сейсмикалык абалдын жогорулоосун эске алуу;

- Курулган жана курулуп жаткан обьектилер жалаң гана парктардын, эс алуучу жайлардын же маданий борборлордун ордуна курулуусу, шаардагы экологиялык абалдын бузулуусуна (кислародун азаюусуна ж.б.) алып келүүдө;

- Бул курулган обьектилерди коммуналдык жактан тейлөөчү суу, газ, электр энергиясы ж.б. линияларын ошол микрорайондогу мурдагы системага улагандыктан ал жердеги жашоочуларга суунун жетишсиздиги, газдын басымынын төмөндүгүн, электр кубатуулугунун аздыгын пайда кылууда. Ошону менен катар таштандыларды чогултуу иштеринде, чыккан калдыктарды агызып кетүүчү түтүктөргө басымдын жогорулоосу шаардын экологиясынын булганышына алып келүүдө;

Акыркы мезгилдеги тейлөө чөйрөсүнүн өнүгүшү менен ага талаптын жогорулоосу, шаарларда бул тармактагы курулуш (ресторан, кафе, бар, түнкү клуб ж.б.) да күчөгөн. Бул курулуштардын туура эмес жерлерге курулуусу, башкача айтканда, биринчиден мектеп, балдар бакчасына жана окуу жайларга жакын курулуу менен келечекте өсүп келе жаткан балдардын аң сезимине терс таасирин тийгизсе (музыканын тынымсыз коюулуусу, тойлордон чыккан мас абалдагы адамдардын жүрүм туруму ж.б.), экинчиден, ал обьектилердин өздөрүнүн атайын унаа коюучу жайларынын жоктугу автомашиналардын тыгын болушуна алып келүүдө.

Бул аймактагы урбанизация процесстерин чечүүдө төмөндөгүчө жагдайларды сунуштоого болот: чоң шаарларга мигранттарды азайтуунун негизи болуп айыл-кыштактардын географиялык өзгөчөлүктөрүнө карай эл чарба тармактарын өнүктүрүүнүн натыйжасында калкты эмгек менен камысыздандыруу шаарлардагы урбанизациялык, экологиялык жана социалдык маселенинин чечилишине алып келет;

-шаарларга келген мигранттарды каттоого алуу, даректерин тактоо менен келечекте канча турак жай керек экендигин далилдөө келип чыкмак;

-акыркы мезгилдердеги шаарларда курулган жана курулуп жаткан обьектилердин сапаттуулугуна, экологиялык зыянсыздыгына, социалдык жагдайды курчутпоого, жергиликтүү калкка (айрыкча жаш муунга) терс психологиялык таасиринин тийгизбегендигине карап өкмөт тараптан уруксаат берүү зарыл;

-кандай гана максаттагы обьектилер курулууда эс алуучу жайларга, парктарга, маданий баалуулуктар турган аймактарга, эстетикалык өсүмдүктөр өскөн жерлерге уруксаат бербөө зарыл.

Шаар куруууда жана калкты жайгаштырууда биз сунуштаган бул сунуштамалар негизгилери болуп саналат деп белгилейбиз.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Алайчиев Э.К. Кыргызстандын түштүк аймагындагы демографиялык маселелер. - Ош, 2011. – 116 б.
2. Алиев К.А. Демография [Текст] / К.А.Алиев. – Бишкек: Б.и., 2009. – 160 с.
3. Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2014-2015 гг. [Текст]. – Бишкек: Нацстатком. Кырг. Респ., 2016. – 289 с.
4. Киргизская Советская Социалистическая Республика в цифрах. Статистический сборник. Фрунзе, 1963. – С. 3-5.
5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика жөнүндө мыйзамы. Бишкек

шаары, 2007-жылдын 26-марты. Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 27-мартындагы №85, 2013-жылдын 22-февралындагы №27 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык.
6. Ошский обл. архив, Ф. 105, ОП.1 дело 3193, Л. 105. 57.
7. Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2009 года [Текст]. – Бишкек: Нацстатком. Кырг. Респ., 2010. – Кн. 2. – Ч.1 (в табл.): Население Кыргызстана. – 411 с.
8. Ферганский областной архив. Ф. 312,435. оп.1, дело 7,162,173,175, л. 3,5,26,27,65.

***Рецензент: Оморов И.О** – профессор КНУ им Ж.Баласагына.*